УДК 378.1

**Ботобекова Айсара Мамaнасыровна**
*Адам Университети, ага окутуучу*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.*
*e-mail: botobekova2022@mail.ru*

# САНАРИП БИЛИМ БЕРУУ-АЗЫРКЫ ДООРДУН ТАЛАБЫ!

***Аннотация:*** Аталган статья азыркы мезгилдин глобалдаштыруу шарттарында Кыргызстандын билим берүү системасы да эл аралык билим берүү чөйрөсүнө кошулуу менен бирдикте жана ата мекендик да, ошондой эле глобалдык эмгек рыногунда да суроо-талапка ээ болуучу адистерди даярдоого багытталууга тийиш экендиги жана санариптик билим беруунун артыкчылыктары жонундо.

***Негизги сөздөр:*** Глобалдашуу процесси, санариптик технология, санарип интернет-чөйрө, онлайн окутуу, аралыктан (дистанциялык) окутуу, окутуунун гибриддик формасы, санарип-трансформация ж.б.

**Ботобекова Айсара Маманасыровна**
*Университет Адам , ст.преп-ль*
*Кыргызская Республика, г.Бишкек*
*e-mail: botobekova2022@mail.ru*

# ЦИФРОВОЕ ОБРАЗОВАНИЕ – ТРЕБОВАНИЕ СОВРЕМЕННОЙ ЭРЫ!

***Аннотация:*** В предлагаемой статье речь идет об актуальности цифрового образования в условиях глобализации. И о том, что система образования Кыргызстана также активно вовлечена в этот процесс. Так как, сейчас мировой трудовой рынок требует только таких специалистов ориентированных на цифровое развитие всех сфер общественной жизни.
***Ключевые слова:*** Процесс глобализации, цифровая технология, цифровая интернет-среда, онлайн-образование, дистанционное обучение, гибридная форма обучения, цифровая трансформация и т.д.

**Botobekova Aisara Mamanasyrovna**
*Adam University, teacher*
*Kyrgyz Republic, Bishkek*

# DIGITAL EDUCATION IS A REQUIREMENT OF THE MODERN ERA!

***Annotation.*** Part of problemscan be solved by digitalization of the industry. It iz shown that the masa digitization of our lives makes people adapt to the new reality. To achieve these goals will require end-to- end digitalization of the whole society.
***Key words:*** Globalization process, digital technology, digital Internet environment, online education, distance learning, hybrid form of education, digital transformation, etc.

Дүйнөлук глобалдаштыруу убагында Кыргыз Республикасы да башка өнүккөн мамлекеттердин катарында, бүгүнкү күндө, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө жашоонун жаңы шарттарына ыңгайлашуу жолунда турат. Ынгайлашуу жана аны ар тараптуу өнүктүрүү үчүн эң оболу биздин билим берүү системасынын ролу эбегейсиз зор экенин эске алышыбыз керек. Себеби, келечекте ийгиликтүү өнүгүү, ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүгүн жогорку деңгээлде даярдалган кесипкой кадрлар гана аныктайт. Андыктан санарип билим берүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу максатында атайын Программа Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы токтому менен “2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү программасы” бекитилген жана кабыл алынган. (мындан ары - Программа). Программанын 2-3-пункттарына кайрылсак азыркы мезгилдин талаптарын ачык-айкын көрсөтөт.Маселен, Глобалдаштыруу проблемасы.

Азыркы мезгилдин Глобалдаштыруу шарттарында Кыргызстандагы билим берүү системасы эл аралык билим берүү чөйрөсүнө кошулууда жана ата мекендик да, ошондой эле глобалдык эмгек рыногунда да суроо-талапка ээ болуучу адистерди даярдоого багытталууга тийиш. Ушуга байланыштуу билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн билим берүүнүн сапатына карата талаптар жогорулайт; билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде социалдык-эмоциялык/ийкемдүү көндүмдөрдү калыптандырууга муктаждык жогорулайт; билим берүүнүн мазмунуна глобалдык жарандуулук, толеранттуулук, маданияттар аралык коммуникациялар, көп тилдүү билим берүү ж.б. сыяктуу окутуунун натыйжалары киргизилет.

Дагы бир эң көйгөйлүү маселелердин бири - Технологияларды өнүктүрүү жана санариптештирүү.

Жаңы технологияларды өнүктүрүү дагы бир талабы бул- жаңы технологиялардын потенциалын өздөштүрүүнү, санариптик көндүмдөргө окутууну талап кылат. Ушуга байланыштуу билим берүү системасынын алдында окутуучулардын жана окуучулардын арасында компьютердик сабаттуулукту жогорулатуу, санариптик технологияларды эске алуу менен билим берүү инфратүзүмүн өнүктүрүү, өзгөрүп туруучу технологиялык чөйрө аркылуу аралыктан жана башка формада билим берүүнү күчөтүү зарылдыгы жогорулайт.(Жогоруда аталган Программа 1-тиркеме,1-бет. )

Бул багытта Кыргыз Республикасынын Билим беруу министрлиги тарабынан ар кандай алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жатканы боюнча министрликтин сайтынын кенен маалыматтарды алууга болот.

Бирок, менин айтайын дегеним башка. Менин оюм- санарип билим берүү жана аралыктан –онлайн окутуу боюнча. Ооба, аралыктан – онлайн окутуу, айрыкча, COVID-19 пандемиясынын жайылышына байланыштуу бир топ кыйынчылыктардын коштоосу менен

ишке ашты десем жаңылышпаймын. Окутуунун бул формасы азыркы күндө билим беруу,окутуу процессинде кээде жаралган жагдайларды бир топ жеңилдетти. Азыркы күндө билим берүүнүн бул формасы Кыргызстандын бардык аймагында кеңири жайылтылды. Бир гана билим берүү тармагы эмес коомдун жашоосунун бардык чөйрөсүн камтыды деп ишеничтүү айта алабыз.

Эми, санариптик билим берүүгө келсек, менин жеке оюмда, бул терминдин өзү эле көптөгөн түшүнүктөрдү талдоого алып келет.Түшүнүктөр менен бирдикте чукул арада чечилбеген көйгөйлөрдү да жаратып жатат. Деги, санариптик билим берүү бул эмне?

Биринчиден, санариптик билим берүү жана аралыктан –онлайн окутуу эки башка түшүнүк экенин баарыбыз билебиз (билишибиз абзел). Санариптештирүү бул кеңири түшүнүк. Ал мектептен баштап жогорку окуу жайларында электрондук жана аралыктан окутуу процессинде колдонулган, айрыкча компьютер жана планшеттерди колдонуу менен аткарылуучу тапшырмалар үчүн жүктөлгөн программалар жана тиркемелер.

Санариптештируу окутуу процесси менен гана чектелбестен аны аткаруудагы уюштуруу иштерин да камтыган процесс. Санариптештируунун алгачкы илептери 20-кылымдын 80-90-жылдары эле компьютер техникасынын кеңири таралышы менен башталган. Илим менен техниканын күн санап өнүгүшүнүн негизинде азыркы деңгээлине келип жетти. Башкача айтканда, санарип транформациясы башталды жана билим берүүнүн бардык процессинде санариптик технология ийгиликтүү колдонулуп, окутуунун бардык тармагын жаңыландырууга такап койду. Күнүмдүк турмушта санариптик компетенция өзүнүн белгилүү ордун алып калды. Мисалы: мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жана алууда, банктык операцияларды жүргүзүүдө, соода-сатык иштеринде деги эле социалдык чөйрөнүн бардык тармагында.

Демек, азыркы мезгилдин талабы бул- мектептен баштап эле санарип технологиясын сабаттуу жана сапаттуу түрдө санариптик технологияларды окутуу. Ал эми жогорку окуу жайлар бул тармакты кенен жана терең тармакта окутуусу керек. Айтылган тармакты жогорку деңгээлде өздөштүргөн окуу жайлары да бар. Алардын арасында биздин окуу жайы Адам Университети да бар. Бул окуу жайда айрыкча маалыматтык технологиялар жана окуу бөлүмдөру мезгил талабына ылайык иштерди тынымсыз жүргүзүүдө, мактоого татырлык иштер аткарылууда десек аша чаппайбыз. Булар: окуу иштеринин ар кандай кырдаалга жараша уюштурулуусу, окутуунун жаны технологияларын жайылтуусу, окуу аудиторияларынын компьютердик технологиялар менен жабдылуусу жана башка көптөгөн кошумча технологиялардын колдонулуусу. Демек, билим берүүнү санариптештирүү – реалдуу көрүнүш жана буга альтернатива жок!

Эгерде, тарыхка кайрылсак, дүйнөлүк масштабда бир канчалаган өнөр жай революциялары болуп өттү. Булар буу кыймылдаткычынын ойлоп табылышы,темир жол транспорту, электр жарыгы, телеграф, телефон, электроника, жеке компьютерлердин пайда болушу жана дүркүрөп өнүгүшү менен жасалма интеллектердин кеңири таралышы сөзсүз түрдө билим берүүнүн коштоосу менен пайда болду десек жаңылышпайбыз.

Санариптик билим берүүнүн артыкчылыктары катары төмөнкүлөрдү эске алабыз:

1. Окутуу процессиндеги уюштуруу иштеринин бир топ же ң илдеши (окутулган предметтер боюнча тапшырмаларды таратуу);

2. Окутуунун гибриддик формасынын колдонулушу (кандайдыр бир себептер менен сабактарга катышуу процессинде);

3. Онлайн форматтагы окутууда аудиториянын кенендиги (сабакка камтылгандардын саны көп);

4. Жүргүзүлгөн иштерге анализ жүргүзүү менен чыгарылган жыйынтыктар окуу процессинин сапатын жогорулатууга түрткү берет ж.б.

Бирок, кесиптердин баарын эле санарип жана аралыктан окуутууга багыт албашыбыз керек. Себеби, медицина, авиация тармагындагы кесиптер өтү кылдаттык мамилени талап кылуучу кесиптер. Билим тармагын санариптештирүү бул биз колдонуп жүргөн салттык методикаларды четке чыгаруу эмес, тескерисинче, бири-бири менен айкалыштыруу, жакшыртуу деген принцип болуш керек!

Ошондуктан, учурдун талабы болгон санариптик билим берүү Кыргызстан үчүн алдыңкы мамлекеттердин катарында болуунун маанилуу жолдорунун бири экенине терең ишенич жана чоң үмүт бар!

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому

2. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берууну онуктуруу Программасы

3. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин сайты

4. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына санариптик билим берүүнү киргизүү боюнча методикалык колдонмо. Бишкек, 2020.39б.,

5. Смирнова Ж.В., Красикова О.Г. Современные средства и технологии оценивания результатов обучения // Вестник Минского университета. -2018. - Т. 6. - № 3(24). - С. 9.

6. Раимкулова А.С. Цифровизация в сфере образования Кыргызстана как аспект сотрудничества государств- членов ЕАЭС // Федеральный научно-практический и аналитический Журнал Вестник Экономики, права и социологии.- 2022 №3.